EY
Shape the future
with confidence

«Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧК
Токтогул к.,125/1
А Мунарасы
Бишкек ш., 720001
Кыргыз Республикасы
Тел.: +996 312 907 090
СТИН: 01602201010265
ey.com/kg

ООО «Эрнст энд Янг Аудит»
ул. Токтогула,125/1
Башня А
г. Бишкек, 720001
Кыргызская Республика
Тел.: +996 312 907 090
ИНН: 01602201010265

Ernst and Young Audit LLC
125/1 Toktogul Street
Tower A
Bishkek 720001
Kyrgyz Republic
Tel.: +996 312 907 090
ITN: 01602201010265

# Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу

«Кумтөр Голд Компани» ЖАКтын Акционерине жана Директорлор кеңешине

### *Пикир*

Биз «Кумтөр Голд Компани» ЖАКтын (мындан ары - «Компания»), финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүздүк, ал 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал боюнча отчетунан, кирешелер, чыгымдар жана башка жалпы кирешелер боюнча отчетунан, өздүк капиталдын өзгөрүшү боюнча отчеттунан жана көрсөтүлгөн күнгө карата аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын агымы боюнча отчеттунан, ошондой эле финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрдөн, анын ичинде эсеп саясатынын негизги жоболорунун кыскача серебинен турат.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген финансылык отчеттуулук 2025-жылдын 31-декабрына карата Компаниянын финансылык абалын, ошондой эле көрсөтүлгөн күнгө карата аяктаган жыл үчүн анын финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын кыймылын ФОЭСтин бухгалтердик эсеп стандарттарына ылайык бардык олуттуу жагдайларда так чагылдырат.

### *Пикир билдирүү үчүн негиз*

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык жүргүздүк. Биздин жоопкерчилигибиз көрсөтүлгөн стандарттарга шайкеш, андан ары биздин корутундубуздун «Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги» бөлүмүндө ачып көрсөтүлөт. Биз Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары Кеңешинин (БЭЭСК) Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика кодексине (анын ичинде эл аралык көз карандысыздык стандарттары) (БЭЭСК Кодекси) жана финансылык отчеттуулугуна биздин аудитибизге карата Кыргыз Республикасында колдонулуучу этикалык талаптарга ылайык Компанияга карата биз көз карандысызбыз жана биз ушул талаптарга жана БЭЭСК Кодексине ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык.
Биз алган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз болушу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп ойлойбуз.

### *Маанилүү жагдайлар*

Финансылык отчеттуулуктун *28-түшүндүрүүсүндө* баяндалган маалыматтарга, атап айтканда, Компаниянын байланышы бар тараптар менен операцияларынын олуттуу көлөмүнө көңүл бурабыз. Биз бул маселе боюнча эч кандай өзгөртүлгөн пикирди билдирбейбиз.



A member firm of Ernst & Young Global Limited

### *Маанилуу жагдайлар - башка валютада берилген кошумча финансылык отчеттуулук*

Финансылык отчеттуулуктун *2-түшүндүрүүсүндө* баяндалгандай, тиркелген финансылык отчеттулук Кыргыз сомунда Компания тарабынан АКШ долларында берилген финансылык отчеттуулука кошумча катары даярдалган. Биз АКШ долларында берилген финансылык отчеттуулука аудит жүргүзүп, 2026-жылдын 11-марты менен аудитордук корутунду чыгарганбыз. Биз бул маселеге байланыштуу өзгөртүлгөн пикир билдирбейбиз.

### *Жетекчиликтин жана Директорлор кеңешинин финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик финансылык отчетуулугун ФОЭСтин бухгалтердик эсеп стандарттарына ылайык даярдалышы жана так берилиши үчүн жана жетекчилик ак-ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчиликтүү.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантууга Компаниянын кудуретин баалоо үчүн, ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгүнө тиешеси бар маалыматтарды тиешелүү учурларда ачып көрсөтүү үчүн жана ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдордун негизинде отчеттуулукту түзүү үчүн жоопкерчиликтүү, буга жетекчилик Компанияны жоюуга, анын ишин токтотууга ниеттенген же анда жоюудан же ишти токтотуудан тышкары, кандайдыр бир башка реалдуу альтернатива жок болгон учурлар кирбейт.

Директорлор кенеши Компаниянын финансылык отчеттуулугун даярдоого көзөмөлдүк кылуу үчүн жоопкерчиликтүү.

### *Финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү боюнча аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин максаттарыбыз финансылык отчеттуулукта ак-ниетсиз аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолор жок экендигине жана биздин пикирибизди камтыган аудитордук корутундуну чыгаруу үчүн акылга сыярлык ишеним алуу болуп саналат. Акылга сыярлык ишеним жогорку даражадагы ишенимди билдирет, бирок Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит ар дайым акылга сыярлык ишеним болгон учурда да, олуттуу бурмалоону аныктайт деп кепилдик бербейт. Бурмалоолор ак-ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасы болушу мүмкүн жана эгерде алар өзүнчө же чогуу алганда колдонуучулардын ушул финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынган экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн деп негиздүү болжолдоого мүмкүн болсо, олуттуу деп эсептелет.



A member firm of Ernst & Young Global Limited

Shape the future
with confidence

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында биз кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонобуз жана бүткүл аудит бою кесипкөй скептицизмди сактайбыз. Андан тышкары биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- ак-ниетсиз аракеттердин же каталардын кесепетинен финансылык отчеттуулуктун олуттуу бурмалануу тобокелдиктерин аныктайбыз жана баалайбыз; ушул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; биздин пикирибизди билдирүүгө негиз болгону жетиштүү жана тийиштүү болгон аудитордук далилдерди алабыз. Ак-ниетсиз аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдиги, каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабай калуу тобокелдигине караганда жогору болот, анткени абийирсиз аракеттер келишип алуу, жасалмалоо, атайылап өткөрүп жиберүү, маалыматты бурмалоо же ички контролдоо системасын айланып өтүүчү аракеттерди камтышы мүмкүн;
- жагдайларга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында аудит үчүн мааниси бар ички контролдоо системасынын түшүнүгүн алабыз, бирок Компаниянын ички көзөмөлдөө системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес;
- колдонулуп жаткан эсеп саясатынын ылайыктуулугуна жана жетекчилик тарабынан эсептелген баалоо маанилеринин негиздүүлүгүнө жана тиешелүү маалыматтын ачыкка чыгышына баа беребиз;
- жетекчилик тарабынан иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолду колдонуунун мыйзамдуулугу жөнүндө тыянак чыгарабыз жана алынган аудитордук далилдердин негизинде Компаниянын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу мүмкүнчүлүгүнө олуттуу шек туудуруршу мүмкүн болгон окуяларга же шарттарга байланыштуу олуттуу белгисиздик бар же жок экендиги жөнүндө тыянак чыгарабыз. Эгерде биз олуттуу белгисиздиктин бар экендиги жөнүндө корутундуга келсек, биз финансылык отчеттуулукта маалыматты тиешелүү түрдө ачыкка чыгарууга биздин аудитордук корутундубузда көңүл бурууга же эгерде маалыматты мындай ачыкка чыгаруу туура эмес болсо, биздин пикирибизди өзгөртүүгө тийишпиз. Биздин жыйынтыктар биздин аудитордук корутундубузду чыгаруу күнүнө чейинки алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок, келечектеги окуялар же шарттар Компаниянын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготушуна алып келиши мүмкүн;
- бүтүндөй финансылык отчеттуулуктун берилишине, анын түзүмүнө жана мазмунуна, анын ичинде маалыматты ачыкка чыгарууга, ошондой эле финансылык отчеттуулуктун анын негизиндеги операцияларды жана окуяларды алардын так берилишин камсыз кылгандай кылып чагылдыруусуна баа берүүнү жүргүзөбүз.



A member firm of Ernst & Young Global Limited

Shape the future
with confidence

Биз Директорлор кеңеши менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырып, аларга,башка нерселер менен катар, аудиттин пландалган көлөмү жана мөөнөттөрү жөнүндө, ошондой эле аудиттин жыйынтыгы боюнча олуттуу эскертүүлөр, анын ичинде ички контролдоо системасынын олуттуу кемчиликтери жөнүндө маалыматтарды, эгерде биз аудит жүргүзүү жараянында аларды аныктасак, маалыматты жеткиребиз.

Пол Джордж Кон
Аудитор/ Башкы директор
«Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧК

Аудитордун квалификациялык сертификаты: А сериясы № 0366, 2018-жылдын 22-октябрынан каттоо номери № 0446, 2023-жылдын 11-июлунан Жеке каттоо номери №11030

Жеке каттоо номери «Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧКсына Коомдук кызыкчылык субъекттеринин жана ири ишкердик субъекттерин аудитине жол берилген аудитордук уюмдардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2023-жылдын 22-июнундагы № 2100201 менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы тарабынан берилген.

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары
Токтогул к. 125/1, 720001

2026 жылдын 17-марты



A member firm of Ernst & Young Global Limited

# ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2025-жылдын 31-декабрына карата**

| *Миң кыргыз сому менен* | **Эскертүү** | **2025-жылдын 31-декабры** | 2024-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | |
| **Жүгүртүүдө эмес активдер** | | | |
| Негизги каражаттар | 14 | **59 144 630** | 62 491 056 |
| Чалгындоо жана баалоо активдери | | **1 108 631** | 1 228 265 |
| Запастар | 18 | **25 724 494** | 27 646 156 |
| Рекультивацияга акча каражаттары | 25 | **5 603 212** | 5 531 717 |
| Жүгүртүүдө эмес активдер үчүн алдын ала төлөм | 15 | **1 836 471** | 1 077 598 |
| Депозиттер | 16 | **28 179 112** | 447 143 |
| Узак мөөнөттүү берилген насыялар | 17 | **–** | 93 805 |
| | | **121 596 550** | 98 515 740 |
| **Жүгүртүүдөгү активдер** | | | |
| Запастар | 18 | **13 438 810** | 8 902 921 |
| Материалдар | 19 | **17 199 870** | 14 599 347 |
| Алдын ала төлөм | 15 | **1 940 673** | 1 999 956 |
| Соода жана башка дебитордук карыздар | 20 | **12 017 836** | 12 097 519 |
| Депозиттер | 16 | **2 233 522** | 1 046 141 |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 21 | **35 653 222** | 28 356 896 |
| Кыска мөөнөттүү берилген насыялар | 17 | **93 805** | – |
| | | **82 577 738** | 67 002 780 |
| **Жалпы активдер** | | **204 174 288** | 165 518 520 |
| **Өздүк капитал** | | | |
| Акционердик капитал | 24 | **100** | 100 |
| Кошумча төлөнгөн капитал | 24 | **471 030** | 471 030 |
| Чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резерви | | **178 276 385** | 142 701 891 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | **9 943 874** | 9 287 613 |
| **Жалпы капитал** | | **188 691 389** | 152 460 634 |
| **Милдеттенмелер** | | | |
| **Узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | | | |
| Рекультивациялоого резерв | 25 | **2 664 754** | 5 470 854 |
| | | **2 664 754** | 5 470 854 |
| **Узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | | | |
| Соода жана башка кредитордук карыздар | 22 | **2 313 335** | 2 263 384 |
| Башка төлөнүүчү салыктар | 23 | **10 504 810** | 5 323 648 |
| | | **12 818 145** | 7 587 032 |
| **Жалпы милдеттенмелер** | | **15 482 899** | 13 057 886 |
| **Жалпы капитал жана милдеттенмелер** | | **204 174 288** | 165 518 520 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

_______________________ *Бузурман Субанов* Башкармалыктын төрагасы

_______________________ *Талайгуль Букарбаева* Башкармалыктын төрагасынын орун басары

_______________________ *Асель Дуйшеналиева* Башкы бухгалтер

2026-жылдын 17-марты
Бишкек, Кыргыз Республикасы

*5–42-беттердеги түшүндүрмөлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

# КИРЕШЕЛЕР, ЧЫГЫМДАР ЖАНА БАШКА ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕР БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2025-жылдын 31-декабрында аякталган жыл үчүн**

| *Миң кыргыз сому менен* | **Эскертүү** | **2025 жыл** | 2024 жыл |
|---|---|---|---|
| Сатып алуучулар менен келишимдерден түшкөн киреше | 5 | **125 397 039** | 85 617 611 |
| Сатуунун өздүк наркы | 6 | **(38 485 416)** | (35 824 742) |
| **Дүң киреше** | | **86 911 623** | 49 792 869 |
| Жалпы жана административдик чыгымдар | 7 | **(1 243 032)** | (1 204 697) |
| Салыктар | 8 | **(22 685 781)** | (15 394 938) |
| Төгүмдөр жана башка фондтор | 9 | **(752 382)** | (513 706) |
| Күтүлүп жаткан кредиттик жоготуулардын (чегерүү)/ордун толтуруу | 11 | **(2 051 627)** | 941 608 |
| Социалдык өнүгүүгө төгүмдөр | 12 | **(185 026)** | (313 002) |
| Башка операциондук кирешелер | | **67 791** | 139 204 |
| Башка операциондук чыгашалар | | **(800 908)** | (364 145) |
| **Операциондук киреше** | | **59 260 658** | 33 083 193 |
| Финанылык кирешелер | 13 | **2 810 341** | 1 445 739 |
| Финансылык чыгымдар | 25 | **(367 520)** | (403 162) |
| Курстук айырма, нетто | | **37 390** | 25 160 |
| **Жыл ичиндеги пайда** | | **61 740 869** | 34 150 930 |
| Башка жалпы киреше | | **656 261** | (2 914 463) |
| **Жыл ичиндеги толук жалпы киреше** | | **62 397 130** | 31 236 467 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

________________________ *Бузурман Субанов* Башкармалыктын төрагасы

________________________ *Талайгуль Букарбаева* Башкармалыктын төрагасынын орун басары

________________________ *Асель Дуйшеналиева* Башкы бухгалтер

2026-жылдын 17-марты
Бишкек, Кыргыз Республикасы

*5–42-беттердеги түшүндүрмөлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

# ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫН ӨЗГӨРҮШҮ БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2025-жылдын 31-декабрында аякталган жыл үчүн**

| *Миң кыргыз сому* | Акционер-дик капитал | Кошумча төлөнгөн капитал | Чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резерви | Бөлүштүрүлбөгөн киреше | Жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2024-жылдын 1 январына карата** | 100 | 471 030 | 12 202 076 | 121 517 366 | 134 190 572 |
| Жыл ичиндеги пайда | – | – | – | 34 150 930 | 34 150 930 |
| Башка жалпы киреше | – | – | (2 914 463) | – | (2 914 463) |
| **Жыл ичиндеги толук жалпы киреше** | – | – | (2 914 463) | 34 150 930 | 31 236 467 |
| Дивиденддер | – | – | – | (12 966 405) | (12 966 405) |
| **2024-жылдын 31 декабрына карата** | **100** | **471 030** | **9 287 613** | **142 701 891** | **152 460 634** |
| Жыл ичиндеги пайда | **–** | **–** | **–** | **61 740 869** | **61 740 869** |
| Башка жалпы киреше | **–** | **–** | **656 261** | **–** | **656 261** |
| **Жыл ичиндеги толук жалпы киреше** | **–** | **–** | **656 261** | **61 740 869** | **62 397 130** |
| Дивиденддер | **–** | **–** | **–** | **(26 166 375)** | **(26 166 375)** |
| **2025-жылдын 31-декабрына карата** | **100** | **471 030** | **9 943 874** | **178 276 385** | **188 691 389** |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

______________________ *Бузурман Субанов* Башкармалыктын төрагасы

______________________ *Талайгуль Букарбаева* Башкармалыктын төрагасынын орун басары

______________________ *Асель Дуйшеналиева* Башкы бухгалтер

2026-жылдын 17-марты
Бишкек, Кыргыз Республикасы

*5–42-беттердеги түшүндүрмөлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

# АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН АГЫМЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2025-жылдын 31-декабрында аякталган жыл үчүн**

| *Миң кыргыз сом менен* | Эскертүү | 2025-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|
| **Операциондук ишмердүүлүк** | | | |
| Жыл ичиндеги киреше | | **61 740 869** | 34 150 930 |
| *Жылдык пайданы таза акча агымдарына шайкеш келтирүү үчүн түзөтүүлөр:* | | | |
| Амортизация жана эскирүү | | **19 530 862** | 14 488 210 |
| Таза сатуу наркына чейин эсептен чыгаруу | 6 | **435 572** | 348 655 |
| Күтүлүп жаткан кредиттик жоготуулар үчүн резервди чегерүү/(ордун толтуруу) | 11 | **2 051 627** | (941 608) |
| Жүгүртүүдө эмес активдердин баасынын төмөндөшү | | **573 949** | – |
| Финансылык киреше | 13 | **(2 810 341)** | (1 445 739) |
| Финансылык чыгымдар | 25 | **367 520** | 403 162 |
| Курстук айырма | | **(37 390)** | (25 160) |
| Башка чыгымдар | | **–** | 124 819 |
| Негизги каражаттардын чыгуусунан келип чыккан чыгым | | **48 397** | 41 131 |
| | | **81 901 065** | 47 144 400 |
| Запастардын өзгөрүшү | | **(2 437 143)** | (3 982 060) |
| Материалдардын жана алдын ала төлөмдөрдүн өзгөрүшү | | **(2 895 516)** | 216 375 |
| Соода жана башка дебитордук карыздардын өзгөрүшү | | **(907 136)** | (1 379 377) |
| Соода жана башка кредитордук карыздардын өзгөрүшү | | **39 137** | 297 678 |
| Башка салыктардын төлөнүүчү суммасынын өзгөрүшү | | **5 152 174** | 3 136 081 |
| | | **80 852 581** | 45 433 097 |
| Келип түшкөн пайыздар | | **2 765 438** | 1 355 152 |
| **Операциялык ишмердиктен таза акча агымы** | | **83 618 019** | 46 788 249 |
| **Инвестициялык ишмердүүлүк** | | | |
| Негизги каражаттарды жана чалгындоо жана баалоо активдерин сатып алуу | | **(20 293 638)** | (18 192 808) |
| Депозитти жайгаштыруу | | **(30 951 048)** | (915 000) |
| Депозитти кайтаруу | | **1 114 090** | 175 000 |
| Рекультивация эсебине акчалай которуулар | | **–** | (28 430) |
| **Инвестициялык ишмердүүлүктө колдонулган таза акча агымдары** | | **(50 130 596)** | (18 961 238) |
| **Финансылык ишмердүүлүк** | | | |
| Ижара милдеттенмелерин төлөө | | **–** | (14 814) |
| Төлөнүүчү дивиденддер | 24 | **(26 166 375)** | (12 966 405) |
| **Финансылык ишмердүүлүктө колдонулган таза акча агымдары** | | **(26 166 375)** | (12 981 219) |
| **Накталай акчанын жана анын эквиваленттеринин таза өсүшү** | | **7 321 048** | 14 845 792 |
| Чет элдик валюта курстарынын өзгөрүшүнүн акчага жана анын эквиваленттерине тийгизген таасири | | **32 061** | (200 350) |
| Күтүлүп жаткан кредиттик жоготуулардын акчага жана анын эквиваленттерине тийгизген таасири | 11 | **(56 783)** | (116 044) |
| 1-январга карата акча жана анын эквиваленттери | | **28 356 896** | 13 827 498 |
| **31-декабрга карата акча жана анын эквиваленттери** | 21 | **35 653 222** | 28 356 896 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

________________________ *Бузурман Субанов* Башкармалыктын төрагасы

________________________ *Талайгуль Букарбаева* Башкармалыктын төрагасынын орун басары

________________________ *Асель Дуйшеналиева* Башкы бухгалтер

2026-жылдын 17-марты
Бишкек, Кыргыз Республикасы

*5–42-беттердеги түшүндүрмөлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*